**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ОШ ШААРДЫК АЙМАКТЫК КОМИССИЯСЫ**

714000, Ош шаары, Ленин коч. 221
тел./факс 5-53-44

**ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

714000, город Ош, ул. Ленина, 221
тел./факс 5-53-44

# ЧЕЧИМ № 9

2021-ж. 19-ноябры Ош шаары

**Күн тартиби:**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттарын шайлоодо үгүт иштерди жүргузүүнүн мыйзамдуулугун кароо жөнүндө**

Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын

**ЧЕЧИМИ:**

1. Ош шаарынын С. Касымов жана 8-март көчөлөрүнүн кесилишинде “Ишеним” партиясынын баннерлери илинип, жол тосулуп жана чогулуш өткөрүлгөнү жөнүндөгү маселе боюнча Мадумаров Лутфиллага жана Салиев Камилжанга үгүт иштерин бузгандыгы үчүн шайлоо мыйзамынын 44-беренесине ылайык 4- категорияда **Мадумаров Лутфиллого жана Салиев Камилжанга** 7500 сом айып пул салынсын
2. Чечимдин көчүрмөсү **Мадумаров Лутфиллого жана Салиев Камилжанга** жөнөтүлсүн.

**Ош АШКнын төрагасы:** **Б.Алматов**

**Ош АШКнын катчысы** **Н.Мизанов**

ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ №7 ОКРУЖНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

**Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын отурумдарынын**

**№9-протоколу**

2021-жылдын 19-ноябры Ош шаары

**Катышышты:**

**Ош шаардык АШКнын мүчөлөрү:**

1. Алматов Бактыбек Камилжанович;
2. Карыбеков Бактыбек Ыбышович
3. Исаков Элдияр Болотович
4. Жабаркулова Нигора Нематжановна
5. Мизанов Нурсултан Идрисович
6. Ашимов Кутман Нурланбекович
7. Раимова Нуржамал Сайпидиновна
8. Ысмаилова Зуура Абжапаровна
9. Абдраимов Бексултан Тыныбекович
10. Бердибекова Кулийпа Турдибековна

**Катышпады:**

11. Примкулов Таалайбек Сыргабаевич
12. Баймуратов Нургазы Исмаилович

**Күн тартиби:**

1. **Ош шарынын С. Касымов жана 8-март көчөлөрүнүн кесилишинде “Ишеним” партиясынын баннерлери илинип жол тосулуп чогулуш өткөрүлгөнү жөнүндөгү маселе келип түшкөн арыз боюнча**

Отурумду Ош АШКсынын төрагасы Б.Алматов алып барды.

2021-жылдын 16-ноябрь күнү Ош шаарындагы Касымов менен 8 март көчөлөрүнүн кесилишинде “Ишеним” партиясынын банерлери илинип жол тосулуп чогулуш өткөрүлгөнү жөнүндөгү келип түшкөн арыз боюнча чогулушка Мадумаров Лутфилло жана Салиев Камилжан катышышты.

**Алматов Б.:** Бул маселе боюнча Ош шаардык ИИБдан *КРнын Бузуулар жөнүндө кодексинин боюнча 44 ст* талаптарына ылайык чара көрүү үчүн жана Ош шаардык прокуратура Ош шаардык ИИБнын корутундусу негиздүү экенин билдиришкен.

Мадумаров Лутфилло жана Салиев Камилжанга *Кыргыз Республикасынын административдик-процесстик кодексинин 44-беренесинин шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузуунун 1-бөлүмүндө шайлоочу, байкоочу, талапкер же анын өкүлү ишенимдүү адамы тарабынан шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган шайлоо алдындагы*

*үгүт жүргүзүү шарттарынын бузулушу 4-категориядагы айып пул салуу боюнча* ар бирине 7500 сом штраф салалы. Карап чыгып сунушуңуздарды бериңиздер.
**Ашимов К.** Эскертүү берели.
**Исаков Э.** Эскертүү берели.
**Алматов Б.:** Ош шаардык ИИбнын жана Прокуратуранын корутундусуна ылайык мыйзам чегинде айып пул салыныш керек. Мадумаров Л. жана Салиев К. жолду тосконун жана мыйзамды бузгандыгын мойнуларына алып жатышат.
**Карыбеков Б.**: Мыйзам чегинде чечим кабыл алалы.
**Алматов Б.:** Айып пул салуу маселени добушка коем. Добушуңуздарды бериңиздер.

**МАКУЛ – 9** **КАРШЫ – 1**

Маселе кабыл алынды.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

Ош шаарынын С. Касымов жана 8-март көчөлөрүнүн кесилишинде "Ишеним" партиясынын баннерлери илинип жол тосулуп чогулуш өткөрүлгөнү жөнүндөгү маселе боюнча . Мадумаров Лутфиллага жана Салиев Камилжанга *Кыргыз Республикасынын административдик-процесстик кодексинин 44-беренесинин шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузуунун 1-бөлүмүндө шайлоочу, байкоочу, талапкер же анын өкүлү ишенимдүү адамы тарабынан шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарынын бузулушу 4-категориядагы айып пул салуунун* негизинде 7500 сом айып пул салынсын.

**Ош шаардык АШКнын төрагасы:** **Алматов Б.К.**
**Ош шаардык АШКнын катчысы:** **Мизанов Н.И.**